УДК 81’22/23
DOI: 10.36979/1694-500X-2022-22-6-68-72

## СЕМАНТИЧЕСКОЕ ПОЛЕ ГЛАГОЛОВ ЗВУКООБОЗНАЧЕНИЯ В МИРОВОЗЗРЕНИИ

***А.К. Мамытова***

*Аннотация.* Рассматривается тот факт, что человека всегда сопровождают звуки, посредством которых человек получает информацию. Звуки, сопровождающие нас, всегда находятся в движении, так же как и «жизнь», и мы подчеркиваем, что без внешних звуков жизнь была бы неполной. Были проведены опросы на бумаге и по Интернету, на основе которых была разработана семантическая модель глаголов звукообозначения, показывающая важность звуков для человека. Согласно этой семантической модели, человек находится в центре поля как реципиент, а модель все время находится в движении. Мы отметили, что восприятия звуков и их обработка средствами языка зависят от психоакустических и психосоциальных особенностей реципиента.

*Ключевые слова:* семантическое поле; глаголы звукообозначения; реципиент; опрос; семантическая модель; психикоакустика; психикосоциология.

## ДҮЙНӨ ТААНУУДАГЫ ТАБЫШ ТУУРАНДЫ ЭТИШТЕРДИН СЕМАНТИКАЛЫК ТАЛААСЫ

***А.К. Мамытова***

*Аннотация.* Макалада адам баласын ар дайым үн коштоп жүрөт жана ал аркылуу адам маалымат алат деген түшүнүк айтылат. Бизди курчап турган табыштар «жашоого» салыштырылып ар дайым кыймылда жана ансыз жашоо толук кандуу болбосун белгилейбиз. Табыштарды кабыл алуу боюнча сурамжылоолорду кагаз түрүндө жана Интернет аркылуу жүргүзүп, анын негизинде табыш адам баласына маанилүү экенин көрсөтүп жана табыш тууранды этиштердин семантикалык модели иштелип чыкты. Ал семантикалык моделге ылайык, адам реципиент катары талаанын борборунда жайгашат жана модель ар дайым кыймылда болот. Табышты угуу жана аны кайра тил аркылуу иштеп чыгуу реципиенттин психикоакустикалык жана психосоциумунан көз каранды экенин белгиледик.

*Түйүндүү сөздөр:* семантикалык талаа; табыш тууранды этиштер; реципиент; сурамжылоо; семантикалык модель; психикоакустика; психикосоциология.

## THE SEMANTIC FIELD OF SOUND VERBS IN THE WORLDVIEW

***A.K. Mamytova***

*Abstract.The* article discusses the fact that a person is always accompanied by sounds, through which a person receives information. The sounds that surround us are always in motion as “life”, and we emphasize that without external sound, life would be incomplete. Surveys were conducted in paper form and on the Internet, on the basis of which a semantic model of sound verbs was worked out, showing the importance of sound for a human being. According to this semantic model, there is the person in the center of the field as a recipient, and the model is constantly in motion. We noted that the perception of sounds and their processing through the language depends on the psychoacoustic and psychosocial characteristics of the recipient.

*Keywords:* semantic field; the sound verb; recipient, survey; semantic model; psychoacoustic; psychosocial.

Негизинен эле табышты (үндү) эки жактуу десек болот, жаратылыштагы үндөр тирүү организмдерге жагымдуу таасир берсе, ошол эле мезгилде ызычуу абсолюттук тынчтыкка барабар келип, бирдей жагымсыз таасир берет. Табыштын (үндүн) адам баласындай эле

өзүнүн өнүгүү эволюциясы бар десек болот; цивилизациянын өнүгүшү жасалма үндөрдүн, табигый жаратылыштагы үндөргө окшошпогон үндөрдүн пайда болушуна түрткү берди, ошону менен адам баласынын жашоосундагы табигый үндөрдүн маанилүүлүгүн азайтты.

Экзистенциалдык мааниде «космос хаоско», «жашоо өлүмгө» каршы келгендей, «үн жымжыртыкка» карама-каршы келет. Унчукпоо классикалык маданиятта айтуунун эң жогорку чеги болуп саналып, андан кийин тынчтыкты башаламандыкка айлантуу коркунучу пайда болот, ал эми классикалык эмес маданиятта унчукпоо жаратуунун башталышы дешет. Үн чыгаруу жана үн чыгарбоо үнчөйрөсүнүн структурасын жана чек араларын иштеп чыгууга жардам берет. Жымжырттык чөйрөсү үндүн жоктугун белгилесе, кыймылдын жоктугу тынчтыкты белгилейт, ошондой эле кээде акырын чыккан үндөр болот, мунун баары адам баласы үндүн баарын толук кабыл ала бербегендиги менен түшүндүрүлөт.

Үнчөйрөсү бул ар кандай үндөргө бай үндөрдүн системасы жана ал үндөр маалымат алмашуудагы негизги механизмдерди камтыган үн мейкиндиги болуп эсептелет. Эң биринчи, физикалык тело катары жер пайда болгон, андан соң жаныбарлар жана өсүмдүктөр пайда болуп, биосфераны (гр. bios «жашоо» + sharia «аймак») пайда кылышкан. Биздин ата-бабаларыбыз ич ара абдан эле алыс мамиледе болушкан, андан соң уруулар арасында кыз беришип, кыз алышып, кийинчерээк чарбалык иштер аркылуу байланыштары чыңдалып, ушул учурда тил аркылуу мамиле куруу, биз түшүнгөндөй пикир алышуу келип чыккан.

Пикир алмашуу кеңири мааниде бул адам баласынын коомунда эле эмес жаныбарлар дүйнөсүндө да бар экени белгиленет. Баардык пикир алмашуу учурларында маалымат алмашуу жүрөт, ал атайын же эрксизден берилген жана кабыл алынган маалымат. Фактылар менен процесстерди анализдөө менен Ю.С. Маслов пикир алмашууда эки нерсени, билдирүүнүн ыкмасын жана формасын белгилеген [1, с. 175].

Жаныбарларда пикир алмашуу тубаса, тукум кубалоо реакцияларына негизделүү менен бирге ар кандай стимулдарды аныктайт. Аларда пикир алмашуу конкреттүү ситуацияда стимулдун пайда болушуна же болбошуна көз каранды. Ошентип, жаныбарлар келе жаткан коркунучту сезгенде, кыйкырышат жана муну менен ал үйүргө коркунуч жөнүндө билдирет. Бирок бул кыйкырык атайын болгон кыйкырык эмес, бул жөн гана эрксизден жаныбар корккондуктан чыккан кыйкырык болот. Ал эми бул кыйкырыкты уккан башка жаныбарлар ошол коркуу сезимди кабыл алышат.

Көп убакыттар бою тилдин келип чыгуу теориясы табыш тууроо теориясы болуп эсептелген. Кандай гана болбосун, белгилерди (бир нерсени) тил аркылуу билдирүүдө ыкмалар ар түрдүү болушу мүмкүн. «Табыштык (үндүк) материя» «көркөм далилдөөгө» мүмкүндүк жана кандайдыр бир деңгээлде предметтен чыккан үндү кайталоого жол берет, ошентип табыш тууранды сөздөр, этиштер (каркылдайт, кыткылыктайт, какылдайт, шылдыроо, мыялайт ж.б.у.с.) пайда болот. Мындай сөздөрдө, тактап айтканда, булардын уңгуларында табигый үн кездешет, ошондуктан табыш тууранды сөздөрдү, этиштерди ар кандай тилдерде салыштырып көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Салыштыруу үчүн кыргыз тилинде иттин үрүшүн *(арс-арс, арсылдап),* англис тилинде *(bow-bow, to bark),* сааттын жебеси (*тык-тык*) десе кыргыз тилинде, (*tick-tock*) англис тилинде [2, с. 107]. Табыш тууранды лексика – бул мыйзам ченемдүү жана эрксизден чыккан фонетикалык үндүк (акустикалык) денотаттын белгилери менен сөздөрдүн фонемасынын ортосундагы байланыш болуп саналат. Табыш тууранды сөздөрдү сырдык сөздөрдөн бөлүп кароо керек, анткени алар өзүнчө сөз түркүмдөрүнө кирет. Табыш тууранды лексика – ар бир элдин акустикалык, психикосоциалдык өзгөчөлүктөрүнөн, маданиятынан, дүйнө таануусунан, тиешелүү болгон коомдук бирикмелеринен, ооздун сүйлөө табиятынан көз каранды. Табыш тууранды лексика жаныбарлар дүйнөсүндө колдонулган жалгыз лексика, жаныбарлар үн (табыш) чыгаруу менен гана пикир алмашышат [3].

Бизди курчап турган айлана-чөйрөдөгү табыштардын ар түрдүүлүгү, адам баласынын маалыматты алууда жана берүүдө мааниси өтө чон экенин биз жүргүзгөн анализдерден улам ынандык. Анализ Бишкек шаары, Баткен, Нарын,

Ысык-Кол, Ош, Талас облустарында жашаган жана эмгектенген калктын арасында 100 адамдан кагаз түрүндө сурамжылоолорду жүргүздүк.

**Үлгү:**

*Аты- Жашы- Кызматы-*

*Жашаган жери (төрөлүп өскөн жер)- Жынысы А же Э*

***Эки жооп тандасаңыз болот***

***1. Үн – бул:***

*1) жагымдуу нерсе*

*2) маалымат алуунун куралы*

*3) жагымсыз, кыжырга тийген нерсе*

*4) маани бербейм*

***2. Мен маалыматты көбүнчө алам:***

*1) угуу жолу менен*

*2) тактилдик жол менен*

*3) көрүү жолу менен*

***3. Мен уккум келген нерсе:***

*1) музыка*

*2) жаратылыш жана жан-жаныбарлардан аркылуу чыккан үндөр*

*3) механика жана механизм*

*4) адамдар (баарлашуу)*

***4. Мен күнүгө уккан нерсе:***

*1) музыка*

*2) жаратылыш жана жан-жаныбарлардан аркылуу чыккан үндөр*

*3) механика жана механизм*

*4) адамдар (баарлашуу)*

***5. Мен угууга мажбур болгон нерсе:***

*1) музыка*

*2) жаратылыш жана жан-жаныбарлардан аркылуу чыккан үндөр*

*3) механика жана механизм*

*4) адамдар (баарлашуу)*

***6. Сизге тиешелүү болгон үндөргө канчалык маани бересиз?***

*1) ар дайым*

*2) дээрлик көп учурда*

*3) кээде*

*4) эч качан*

***7. Сизге тиешелүү болбогон үндөргө канчалык маани бересиз?***

*1) ар дайым*

*2) дээрлик көп учурда*

*3) кээде*

*4) эч качан*

***8. Сизге түшүнүксүз болгон үндөргө маани бересизби?***

*1) ооба 2) жок*

***9. Сиздин оюңузча, түшүнүксүз үндөр бир нерсе жөнүндө маалымат бере алабы?***

*1) ооба 2) жок*

***10. Сиз үчүн баардык суроолор түшүнүктүү жана жеткиликтүү болдубу?***

*1) ооба 2) жок.*

Жана ошондой эле Интернет айдыңындагы POLLIE (URL: https://pollie.app/6r2q6) тиркемеси аркылуу жазалган сурамжылоолор жүргүзүлдү.

Биз чогултkан анализдердин негизинде төмөнкүдөй тыянакка келдик: 1) адам баласы дүйнөнү көпчүлүк учурда үн аркылуу кабыл алат; 2) адам баласын үн ар дайым коштоп жүрөт; 3) кээ бир үндөр адам баласына тааныш болсо да, же тааныш болбосо да ага көпчүлүк учурда маани беришет жана кайра иштеп чыгууда этиштин формасын колдонот. Берилген анализдердин негизинде дүйнө таануудагы табыштардын төмөндөгүдөй семантикалык моделин сунуштайбыз (сүрөт 1).

Бул моделдин борборунда маалымат кабыл алуучу катары «адам же реципиент» берилген жана андан кийинки баскычта «учурдагы угулуп жаткан табыштар», андан кийинки баскычында «реципиент жакшы көрүп жасаган нерселердин кагылуушусунан келип чыккан табыштар», андан соң «реципиентке тааныш болгон нерселерден, жаныбарлардан жана кубулуштар чыккан табыштар» болсо, периферияда «адамга тааныш болбогон нерселерден, жаныбарлардан жана кубулуштар чыккан табыштар» жайгаштырылган.

Табыш тууранды этиштердин табиятын түшүүнүдөн мурда англис жана кыргыз тилдериндеги этиштердин лексико-семантикалык категорияларын карап чыгуу көйгөйлөрү пайда болду. Этиштерди салыштырууда көптөгөн ата-мекендик, алыскы жана жакын чет мамлекеттин окумуштуулары бир нече ой жүгүртүүлөрүн жана илимий эмгектерин арнашкан. Лингвисттер этиштерди классификациялоодо хроноструктуралык, семантикалык принциптерге таянган. Этиштердин топторго бөлүнүүсү, жалпылап айтканда, кеп процессин, табышты билдирген этиштер, жүрүм-турумду билдирген этиштер, сезүү этиштери, каалоо этиштери, кабыл алуу




Сүрөт 1 – Табыш тууранды этиштердин семантикалык талаасы

этиштери, көңүл буруу этиштери, психико-эмоционалдык абалды туюндурган этиштер, эмоционалдык мамилелерди билдирген этиштер, ой жүгүртүү этиштери, окууну туюндурган этиштер, эске тутуу процессин тюндурган ж.б.у.с. этиштер катары классификацияланган [4, с. 19].

Ал эми табыш тууранды лексиканы кээ бир окумуштуулар сырдык сөздөр катары белгилесе, башкасы лексика катары анализге алышкан. Табыш тууранды лексика өз кезегинде адамдардан чыккан үндөр, жаратылыш жана жан-жаныбарлардын табыштары, техника жана машинанын табыштары, ж.б.у.с. топторго бөлүнөт. Табыш тууранды этиштер жалпы этиштерден 3 негизги критерий менен айырмаланат:

- кабыл алуу процессинин өтө кыскалыгы жана кайра тил аркылуу берилүүдө адамдын дүйнө таанымына жана психологиялык абалынан көз каранды;
- табыш тууранды этиштер терминдерге ээ болгон, мисалга алсак, фоносфера, акустика, фоносемантика, сауншафт, саундскейп, үн мейкиндиги, үн талаасы, үн ландшафты ж.б.у.с. [5, с. 17];
- табыш тууранды этиштер жогорудан – ылдый, төмөндөн-жогору же горизонталдык жана вертикалдык семантикалык полелерге бөлүнгөн. Ал эми биз илимий эмгегибизде адам поленин центринде экенин белгилеп, айланасындагы чыккан табыштардын алыс-жакындыгына жана тааныш-тааныш эместигине карай моделди сунуштайбыз. Ал моделге ылайык, борборунда маалымат кабыл алуучу катары «адам» берилген жана 2-баскычта «учурдагы угулуп жаткан табыштар», 3-баскычта «адам жакшы көрүп жасаган нерселердин кагылуушусунан келип чыккан табыштар», 4-баскычта «адамга тааныш болгон нерселерден, жаныбарлардан жана кубулуштар чыккан табыштар», 5-баскычта «адамга тааныш болбогон нерселерден, жаныбарлардан жана кубулуштар чыккан табыштар» жайгаштырылган.

Ата-мекендик жана түрк тилдүү окумуштуулардан Г. Айдаров, М. Оразовдун эмгектери, карачай-балкар тилинде этиштерди лексика-семантикалык жактан изилдөөдө И. Кучкартаев, А.А. Жапуев, Л.М. Васильевтердин эмгектери чоң салмакка ээ. Ал эми кыргыз тил илимине кайрылсак, биринчилерден болуп И. Абдувалиев, Ж. Семенова, Г.С. Мусурманова, Б.А. Гайыпова ж. б. илимий эмгектерин арнашкан.

Россияда 1950-жылдардан кийин табыш тууранды лексика боюнча жигердүү иштер жүргөн. Ошону менен бирге көптөгөн көрүнүктүү лингвисттердин: Н.И. Ашмарин, Ю.С. Маслов, А.П. Евгеньева, С.В. Воронин, А.Н. Тихонов, И.Р. Гальперин, А.М. Пешковский,

Н.А. Курашкина. Бул темага чет элдик лингвисттер, мисалга алсак В. Эль, В. Астон, В. Вундт, М. Граммон, Х. Хильмер, К. Броккельман, Г. Рамстедт, Х. Марчанд, В. Скаличка, Д. Вестерман ж. б. илимий эмгектерин арнашкан.

Жыйынтыктап айтканда, табыш тууранды лексика XIX кылымдын башы – XX кылымдын аягы менен эле изилденүүгө алынып баштаган болсо, бүгүнкү күнгө чейин актуалдуулугун жоготкон жок, мунун өзүн табыш тууранды лексикага арналган терминдердин, классификациялардын көптүгү, окумуштуулардын бирдей тыянакка келбегендиги менен далилдесе болот.

Поступила: 21.03.22; рецензирована: 05.04.22; принята: 08.05.22.

***Адабияттар***


1. *Маслов Ю.С.* Введение в языкознание / Ю.С. Маслов. М.: Высш. шк., 1987. 272 с.
2. *Эргүн К.* Түрк жана кыргыз тилиндеги тууранды сөздөр: филол. илимд. дис. ... канд. / К. Эргүн. Бишкек, 2009. 273 б.
3. *Мамытова А.К.* Роль звуковых средств в звуковой картине мира / А.К. Мамытова // Наука и новые технологии и инновации. 2019. № 10. 232–236 с.
4. *Евтугова Н.Н.* Семантико-когнитивное исследование номинативного поля звучания как фрагмента немецкой языковой картины мира: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Н.Н. Евтугова. Омск, 2010. 22 с.
5. *Курашкина Н.А.* Звукообозначения как репрезентация звукосферы в языке (на материале английских, французских и русских антропо- и орнитофонов): автореф. дис ... канд. филол. наук / Н.А. Курашкина. Уфа, 2007. 24 с.